*Кырбашова М.Т., Казакова Н.О.*

# СТАНДАРТТЫК ЭМЕС САБАКТАРДЫН СИСТЕМАСЫ АРКЫЛУУ ТААНЫП-БИЛҮҮЧҮЛҮК ӨЗ АЛДЫНЧАЛЫКТЫ КАЛЫПТАНДЫРУУ

*Кырбашова М.Т., Казакова Н.О.*

# ФОРМИРОВАНИЕ ПОЗНАВАТЕЛЬНОЙ САМОСТОЯТЕЛЬНОСТИ С ПОМОЩЬЮ СИСТЕМ НЕСТАНДАРТНЫХ УРОКОВ

*M.T. Kyrbashova, N.O. Kazakova*

# FORMATION OF INFORMATIVE INDEPENDENCE WITH THE HELP OF NON-STANDARD SYSTEMS, LESSONS

*УДК:371.382:373*

*Макала таанып-билүүчүлүк өз алдынчалыкты ар кандай ыкмалар, каражаттар аркылуу калыптандырууга арналган. Автор калыптандыруучу эксперименттин жардамы таанып-билүүчүлүк өз алдынчалыктын жогорку класстын инсандык сапаты катары калыптанышындагы стандарттык эмес сабактардын натыйжалуулугун, эксперименттин жыйынтыктарын салыштыруу жогорку класстарда биологияны окутууда таанып-билүүчүлүк өз алдынчалыктын өнүгүү процессине стандарттык эмес сабактардын атайын иштелип чыккан системаларын колдонуу окуучулардын окуу процессине болгон мотивациясы жана кызыгуусу жогорулатарын айтат.*

***Негизги сөздөр:*** *жогорку класстын окуучулары, таанып-билүүчүлүк, өз алдынчалык, калыптандыруу, мотивация, стандарттык эмес сабак, система.*

*В статье рассмотрена роль различных приемов и средств для формирования познавательной самостоятельности учеников. Результатом формирующего эксперимента было доказано, что при использовании систем нестандартных уроков по биологии дают эффективные результаты при формировании познавательной самостоятельности, интереса и положительной мотивации к предмету старших классов.*

***Ключевые слова:*** *старшеклассники, познавательность, самостоятельность, формирование, мотивация, нестандартный урок, система.*

*The article considers the role of the various methods and means for the formation of cognitive independence of students. The result of the formative experiment has been proven that using non-standard systems biology lessons provide effective results in the formation of cognitive independence, interest and positive motivation to the subject of the senior classes.*

***Key words:*** *seniors, cognition, independence, formation, motivation, custom lesson system.*

Ар кандай окуу сабактарынын түрлөрүн мектеп окуучуларынын таанып-билүүчүлүк өз алдынчалыгын стималаштыруу үчүн колдонулушу педагогикалык илимде 60-жылдардан баштап кабыл алынган. Л.А. Аристова «окуучулардын таанып-билүүчүлүк ишмердүүлүгүнүн булактарынын ар түрдүүлүгүн камсыз кылуу үчүн баарыдан мурда аны талапка ылайык уюштуруусун камсыз кылуу керек. Мектеп окуучуларынын сабактын бирдиктүү системасында уюштуруунун ар кандай формаларын колдонуу окуучулардын таанып-билүүчүлүк өз алдынчалыгын тарбиялоо проблемасын чечүүдөө маанилүү», – дейт [1].

Акыркы жылдары таанып-билүүчүлүк өз алдынчалыкты өнүктүрүү жана стимулдаштыруунун натыйжалуу ыкмаларынын ичинен окуучулардын билим алуу процессинде маалыматтардын ар кандай булактарын пайдалануусунда аташат; окуучулардын жекече өзгөчөлүктөрүн алар аткара турган окуу тапшырмаларын түзүүдө эске алуу; чыгармачыл көнүгүүлөрдү жана тапшырмалардын системаларын колдонуу; эсептөө жана жыйынтыктарды текшерүүнүн ар кандай каражаттарынын болушу ж.б.

В.П. Тарантей таанып-билүүчүлүк өз алдынчалыктын өнүгүшүнүн натыйжалуу каражаты катары сабактагы окуучулардын *коллективдик иштерин* эсептейт [3].

Ошентип, педагогикада бир нече жылдар боюу таанып-билүүчүлүк өз алдынчалыкты ар кандай ыкмалар, каражаттар аркылуу калыптандырууда бай тажрыйба пайда болуп, анын өнүгүшүнө мүмкүнчүлүк түзгөн шарттар аныкталган. Бул аспектиде кубаттуу потенциал болуп, проблемалык окутуу эсептелет: таанып-билүүчүлүк активдүүлүктү жана өз алдынчалыкты стимулдаштыруучу активдүү каражаты болуп, анын ыкмалары жана методдору эсептелет [4].

Стандарттык эмес сабак окутуунун ийкемдүү формасы катары варианттардын көптөгөн арсеналдары түрүндүсү болуп, анын ар бири таанып-билүүчүлүктүн компоненттерин максаттуу калыптандырат: демилге, коммуникативдик көндүмөр, тапшырмаларды чечүү каражаттарын жана ыкмаларын издөө ж.б [5]. Ошентип, стандарттык эмес сабак бир мезгилде эле инсандын берилген касиетин калыптандыруучу касиет катары каралат, анткени коюлган максатты ишке ашыруу үчүн мугалимдин ой жүгүртүү ишмердүүлүгүнүн структурасында борбордук звено болуп саналат.

Калыптандыруу деп «закон ченемдүү, өнүгүүдөн кийинки инсандын сапатынын жана касиетинин пайда болуу этабы» [2], ошондой эле булл өнүгүүнүн жыйынтыгы – белгилүү сапаттарынын жыйындысына ээ болуу [6] эсептелет. Калыптануу кандайдыр бир сырткы башкаруучу күчтөрдүн таасири менен жүрүүчү объектке тийиштүү болот. Азыр мында

сырткы күч болуп, стандарттык эмес сабактардын системасы эсептелет.

Жогорку класстын таанып-билүүчүлүк өз алдынчалыгынын калыптануусу, б.а. окуучулардын ар кандай булактардан билимди өз алдынча табуусу, системалаштыруусу, трансформациясы, алардын жооптуу табуу үчүн зарылчылыгы эксперименттин жүрүшүндө белгилүү темаларды окугандан кийин текшерүүчү иштер аркылуу изилденип жатты. Мугалимдин милдети керектүү маалыматттарды издөө процессинде кеңеш берүү, иштерди рецензиялоо болду.

Экспериментте сабактын ар кандай типтери жана үч татаалдыктагы деңгээлдери колдонулду. Сабактын варианттары эркин түрдө тандалып, ар бир класста сабактын бир же эки тиби жүргүзүлдү.

Калыптандыруучу эксперименттин жүрүшүндө биз таанып-билүүчүлүк өз алдынчалыктын жогорку класстын инсандык сапаты катары калыптанышындагы стандарттык эмес сабактардын натыйжалуулугун изилдедик. Бул үчүн төмөндөгүлөр колдонулду:

– Максаттары таанып-билүүчүлүк өз алдынчалыкты жана окуучулардын чыгармачылык мүмкүнчүлүктөрүн өнүктүрүү болгон ар кандай типтеги жана варианттагы иштелип чыккан стандарттык эмес сабактар;

– жогорку класстардан тапшырмаларды чечүүдө чыгармачылык жөндөмдүүлүктү, алган билимди жана билгичтикти стандарттык эмес абалда колдонууну жана жаңы кошумча билимдердин керектүүлүгүн сезүүнү талап кылган проблемалык тапшырмалар;

– биологияны окутуу процессине стандарттык эмес сабактардын системаларын киргизүү, эмпирикалык иштин гипотезасында белгиленген алардын функцияларын текшерүү.

– таанып-билүүчүлүк өз алдынчалыктын өнүгүшүн баалоо үчүн төмөндөгү критерийлер иштелип чыкты:

– жогорку класстын баштапкы алган билимдерин жана билгичтиктерин жаңы окуу абалына өз алдынча алып өтүүсү;

– жаңы проблеманы же аны чечүүнүн ыкмаларын белгилүү абалда көрө билүүсү;

– объекттин структурасын жана функцияларын өз алдынча талдоо түшүнүүсү;

– жаңы тапшырмаларды чечүүдө мурунку проблемалык тапшырмаларды чечүүнүн белгилүү ыкмаларын аралаштыруу менен колдонуусу.

Калыптандыруучу экспериментке 12 класс катышты: алты эксперименталдык (№42 мектеп – 10а, 11а; №84мектеп – 10а, 11а; №88 мектеп – 10а. 11а;) жана алты текшерүүчү (№42 мектеп – 10б, 11б; №84 мектеп – 10б, 11б; №88 мектеп – 10б, 11б;) класстары.

Эксперименталдык класстарда окутууну уюштуруу текшерүүчү класстарга караганда бир катар көрсөткүчтөрү менен айырмаланды. Алар төмөнкүлөр:

*Максатты коюу:* эксперименталдык класстарда биз көпчүлүк окуучуларда таанып-билүүчүлүк өз алдынчалыктын жогорку деңгээлин калыптандырууга аракет жасадык, текшерүүчү класстарда максаттуу өзгөрүүлөр жүргүзүлгөн жок.

*Окуу процессин уюштуруу:* эксперименталдык класстарда системалуу түрдө стандарттык эмес сабактар өтүлүп турду, текшерүүчү класстарда салттуу мүнөздөгү сабактар өтүлдү.

Бишкек шаарындагы №42 орто мектебинде эксперименттик иштерди жүргүзүү учурунда (10 а классы) «Вирустар – тиричиликтин клеткасыз формасы» темасын өтүүдө окуучуларды үч чакан топко бөлүп, вирустар жөнүндөгү чакан текст таркатылып берилип, ар бир топ өзүнчө тапшырмаларды алышты. Мисалы:

1- топ: Вирустардын мүнөздүү өзгөчөлүктөрү.

2- топ: Вирустардын классификациясы.

3- топ: Вирустардын көбөйүшү.

Топторго иштөөгө 10-15 минут убакты берилет. Класста өзүнчө столдо маркер, карандаш, флепчарт, түстүү кагаз ж.б. даярдалып коюлат. Мугалим класстагы иштөөгө даярдалган каражаттарды пайдаланып, бирок бири-бирине тоскоолдук кылбасын окуучулардан суранат.

Окуучулар эркин болуп, ар бири өзүнө тийиштүү иштерди аткарып жатышты.

Сабак учурундагы убакыт төмөндөгүчө бөлүштүрүлдү:

3 минут – уюуштуруу моменти;

7 минут – үй тапшырмасынын проблемалык суроолоруна 15 минута топтук иштерге, ар бир топ капитанын шайлап, мүчөлөрүнө иштерди бөлүштүрүштү.

4-минута – суроо боюнча топтордун презентациясы;

5 минут – корутундулоо;

4 минут – жыйынтык чыгаруу

Сабактын кийин анализдөө жүргүзүлдү. Анда мындай сабакта окуучулар активдүү экендиги жана өзүнүн ишине көнүп калгандары байкалып турду. Сабактын кийин шаардын орто мектептеринин биология мугалимдеринин квалификациясын жогорулатуу боюнча семинарынын катышуучулары сабакты талкуулап, анализдешти. Стандарттык эмес сабактарда окуучулар активдүү болушаарын жана өзүнүн иштерине көнүп калышкандыгын байкашты. Ар кайсы мектептен келген 20 мугалимдин катышып отурганына карабастан, окуучулар тартынбай презентацияларын даярдашты. Кыргызстандын көпчүлүк мектептеринде шарт жок, бирок класста сабакка шарт түзүү көпчүлүк учурда мугалимден жана окуулардан көз каранды экендиги дагы бир жолу далилденди. Ушул эле мектептин 10 б классында салттуу сабак өтүлдү. Мугалим, беш бөлүмдү системаны пайдаланды. Үй тапшырмасын сурагандан кийин жаңы теманы түшүндүрдү, анан бышыктап, сураган окуучуларын баалап, сабактын жыйынтыгын чыгарды.

Сабакты анализдеген учурда стандарттык сабакка караганда стандарттык эмес сабакта окуучулардын активдүүлүгү жогору болуп, ар бир окуучу катышуу мүмкүнүчүлүгүнө ээ болду. Стандарттык сабакка караганда анда окуулардын мотивациясы жогору болот.

Сабак өтүлгөндөн кийин 10а жана 10б-класстарынын окуучуларына сабактын пайдалуулугунун картасынын жардамы менен сурамжылоо жүрдү. Анда окуучулардын жооптору ар кандай болду. Окуучулар үчүн сабактын пайдалуулугун баалоо картасы төмөнкү суроолорду камтыды: берилген тапшырмаларды өз алдынча аткарышты. Ал болсо аларда алган билиминин эстеп калууга толук мүмкүнчүлүк түздү. Топто иштөөдө алар жаңы түшүнүктөрдү талкуулап, алардын жашоодогу маанисин тактап, натыйжада иштөө процессинде окуучуларда мугалимге болгон суроо пайда болуп, алар аны мугалимден талап кылышты.

– Сабак процессинде силер эмнелерди эстеп калдынар?

– Сабак процессинде силер кайсы жаңы түшүнүктөрдү өздөштүрдүңөр? Силерге бардыгы түшүнүктүү болдубу?

– Сабактын материалынан силерге кайсынысы жаңы жана кызыктуу болду?

– Алган билимиңер кийнки жашооңордо пайдасы тийеби?

– Сабак силер үчүн пайдалуу болдубу?

– Мугалимге болгон суроонор жана чечилбеген проблемалар болдубу?

№ 42 орто мектептин 10а классынын окуучулары ошол эле мектептин 10б классына караганда суроолорго жакшы жооп беришти, анткени эксперименталдык класстарда окуучулар эркин болуп турду. Окуучуларды туура келген баллдар менен баалап, предметке болгон кызыгуунун үч денгээлин алды.

Ар бир чейректин аягында мугалим биологиядан окуучулардын таанып-билүүчүлүк өз алдынчалыгын калыптандыруу таблицасын толтуруп

**Диаграмма 1**



**Диаграмма 2**




Таблицадагы көрсөткүчтөрдүн анализи тешкерүүчү класстардын көпчүлүк окуучуларында таанып-билүүчүлүк өз алдынчалыктын төмөнкү деңгээлинде калгандыгын даана көрсөтүп турат (№42-мектеп: 10-б – 68%, 11-б – 64%, №84-мектеп: 10-б – 72%, 11-б – 69%ы-, №88мектеп: 10-б – 69%, 11-б – 62%ы). Эксперименталдык класстарда стандарттык эмес сабактарды колдонуу жогорку класстарда таанып-билүүчүлүк өз алдынчалыктын өнүгүшүндө оң динамиканы камсыз кылат. Биз биринчи жана экинчи срездин жыйынтыктарын салыштырдык. Төмөнкү деңгээлдеги окуучулардын саны №42-мектептин 10-а классында – 26%ы, 11-а классында – 22%ы, №84-мектептин 10-а классында – 23%, 11-а классында – 23%, №88-мектепте 10-класста – 37%, 11-а классында 12%га кыскарды, албетте ортоңку деңгээл №42-мектепте – 10-а 19%, 11-а классында – 8%, №84-мектепте – 10-а класс 19%, 11-а классында – 9%, №88-мектепте 10-а классында – 12%, 11-а классында 4%га өстү. Алты класста тең таанып-билүүчүлүгү жогорку деңгээл болгон окуучулар пайда болгондугу көрүнүп турат: №42-мектепте 10-а классында – 2 окуучу (7%), 11-а классында 2 окуучу – (8%), №84-мектепте 10-а классында – 1 окуучу (4%),11-а классында – 3 окуучу (14%), №88-мектепте 10-а классында – 3 окуучу (11%),

11-а классында – 2 окуучу (8%) болду. Албетте, ортоңку жана жогорку деңгээлдеги окуучулардын саны жогорулады.

Алынган жыйынтыктар жогорку класстардын эксперименталдык класстарында биология сабагынан таанып-билүүчүлүк өз алдынчалыктын калыптанышынын деңгээлиндеги оң динамикасын жана текшерүүчү класстардагы анча маанилүү эмес өзгөрүүлөргө күбө болду. Эксперименталдык жана текшерүүчү класстардагы таанып-билүүчүлүк өз алдынчалыктын калыптанышынын көрсөткүчтөрүн салыштыруу, алардын айырмасы статистикалык маанилүү экендигин көрсөтөт. Демек, биологияны жогорку класстарда окутууда стандарттык эмес сабактарды колдонуу таанып-билүүчүлүк өз алдынчалыкты өнүктүрүү процессине натыйжалуу таасир этет.

**Адабияттар:**


1. Аристова, Л.А. Активность учения школьника [Текст] / Л.А. Аристова. – М.: Просвещение, 1968. – 138 с.
2. Бондарук М.М, Занимательные материалы и факты по общей биологии в вопросах и ответах 5-11 классы [Текст]Бондарук М.М._ Волгоград: Учитель,2007
3. Тарантей В.П. Коллективная работа учащихся на уроке как средство развития их познавательной самостоятельности: автореф. дис..канд. пед. наук. – М., 1979. – 16 с.
4. Троицкая, Н.Б. Нестандартные уроки и творческие занятия [Текст]: учебно-методическое пособие / Н.Б. Троицкая. – М.: Дрофа, 2006. – 139 с.
5. Пидкасистый, П.И. Самостоятельная познавательная деятельность школьников в обучении [Текст] / П.И. Пидкасистый. – М.: Педагогика, 1980. – 326 с.


**Рецензент: к.п.н., и.о. доцент Усенгазиева Г.С.**